**Башталгыч кыргыз класстарынын окуу бөлүмүнүн башчысынын көзөмөлүндө өтүлүүчү педагогикалык кичи кеңешмеси**

**№ 1 Протоколу**

**28- август, 2020-жыл**

**Катышкандар: 6 башталгыч класстын мугалимдери.**
**Күн тартиби:**
**1. 2020-2021-окуу жылына карата предметтик стандарт жана программа менен таанышуу.**
**2. сааттарды бөлүштүрүү.**
**3. Календардык-тематикалык пландарды бекитүү.**
**4. 2020-2021-окуу жылына окуу китептерин даярдоо.**
**5. Класстарды комплектөө жана жыйынтыгы.**
**6. Дидактикалык материалдарды топтоо.**

**Угулду:** Чогулушту методикалык бирикменин жетекчиси Бекбоева Насыйкат Талантовна ачып, анын максаты, милдети боюнча төмөндөүлөрдү белгиледи.
Урматтуу чогулуштун катышуучулары, бүгүнкү чогулушубуздун максаты: "2020-2021-окуу жылына карата предметтик стандарт жана программа менен таанышуу, календардык-тематикалык пландарды бекитүү, сааттарды бөлүшүү болуп саналат."
2020-2021-окуу жылына карата Базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан бекитилип, "Кут Билим" газетасынын 2020-жылдын 18-июну №475/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарын Базистик окуу планынын негизинде кабыл алынгандыгы тууралуу маалымат берип, ыйгарылган сааттарда өзгөрүүлөр болбогондугу айтылды.
1-4-класстардын сааттарында өзгөрүүлөр болгон жок. Тактап айтканда 1-класстарда 20 саат, 2-класстарда 22 саат, 3-класстарда 24 саат, 4-класстарда 25 саат жумасына окутулат.
2020-2021-окуу жылында Башталгыч класстарда берилген предметтерди окутууну жаңы стандарттардын жана программалардын негизинде жүргүзүү зарыл. Предметтер боюнча жаңы стандарттын өзгөчөлүгү-анын компетенттүүлүк парадигмасына негизделип түзүлгөндүгүндө. Стандарт мугалимди бардык предметтерди окутууда реалдуу натыйжага жетишүүгө багыттайт.
Ар бириңиздер программа жана стандарт менен таанышып чыгыңыздар.

Ошондой эле жаңы технологиялар жана методикалык инновациялар жагынан изденүү менен иш алып баралы.Окуучулардын окуп түшүнүүсүн күчөтүү максатында ЮСАИД тарабынан уюштурулган “Окуу керемет ” долбоорун ушул окуу жылында күчөтүлгөн темпте улантуу керек. Башталгыч класстардын ар бир предметин окутууда “Окуу керемет” долбоорунун натыйжалуулугун, сапатын арттыруу менен, окуучулардын жазуу кеп маданиятын калыптандыррууга көнүл буралы.
Айбашова Д.М.: -Урматтуу мугалимдер, класстар боюнча календардык-тематикалык пландарды жаңы программанын негизинде түзөлү да, чогулуп карап чыгып, анан бекиттирели. Ошондой эле календардык-тематикалык планга киргизилген темалар окуу китептеринде барбы, же жокпу, ошону карап чыгуу керек.Андан тышкары ошол сабактарга көрсөтмө куралдарды даярдайлы.
Садыкова Г.Б.: 2020-2021-окуу жылына окуу китептери толук жетеби ошол боюнча тактап, ар бир параллел жетишпеген китептерди тең бөлөлү, же ата-энелерге жеткизели. Жетишпеген окуу китептерин сатып берүүгө мүмкүнчүлүгү бар ата- энелер сатып беришсин. Мүмкүнчүлүгү жокторго толук бергенге аракет кылалы.

**Методикалык бирикменин чогулушунун чечими:**

1. Бирикме ичинде мугалимдер программа жана стандарт менен толук таанышып чыгышсын.
2.Окуу программасынын негизинде календардык-тематикалык пландар өз убагында бекитилүүгө даярдалсын.
3. Окуу китептери 2020-2021-окуу жылына толугу менен даярдалсын.
4. Окуучулардын билим сапатына жана алардын өздөштүрүүсүнө предметтик мугалимдер тарабынан көңүл буруу күчөтүлсүн.

Метод бирикменин жетекчиси: Бекбоева Насыйкат Талантовна

Метод бирикменин катчысы: Жолдошбек кызы Гүлайым

**Бишкек шаарынын билим берүү башкармалыгы тарабынан өткөрүлгөн август кеңешмеси**

**Протокол № 2**

***Конференциянын программасы***

**Тема: “Санарип билим берүү-жаш муундардын өнүгүүсүнө жол ачат”**

**Катышуучулар: Башталгыч класстар боюнча директордун орун басары;**

**Усулдук бирикменин жетекчиси;**

**Башталгыч класстардын мугалимдери.**

**Өткөрүү формасы: аралыктан өткөрүү тартибинде**

**Өтүү күнү: 28-август 2020-жыл.**

**Өткөрүү убактысы: 10:00**

| Убактысы | Конференциянын жүрүшү | Маалымат берүүчүлөрдүн аты, жөнү |
|---|---|---|
| 10:00-10:07 | Конференциянын ачылышы:<br><br>- Саламдашуу сөзү:<br>- Конференциянын жүрүшүн жарыялоо | Башталгыч класстар боюнча директордун орун басары |
| 10:07-10:10 | Кыргыз Республикасынын Гимни | |
| 10:10-10:20 | 2019-2020-окуу жылында башталгыч класстар боюнча аткарылган иштер | Мурсаева Айнур Кубанычбековна - Билим берүү башкармалыгынын башталгыч класстар боюнча адиси |
| 10.20-10:30 | “Санариптик билим берүү- өлкөнү өнүктүрүүнүн жаңы баскычы” | Токтомаметов Алмазбек Даткабекович -Кыргыз билим берүү академиясынын президенти. |
| 10:30-10:45 | “Башталгыч класстардын мамлекеттик билим берүү стандарты” | Аттокурова Чынара Амановна - Кыргыз билим берүү акедемиясынын ага илимий кызматкери |
| 10:45-11:15 | Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2020/2021-окуу жылына карата Базистик окуу планы<br>Календардык-тематикалык план. | Асанова Динара - №68 мектеп гимназиясынын башталгыч класстарынын мугалими |
| 11:15-11-30 | Аралыктан билим берүүнүн оң тажрыйбалары, өнүгүү тенденциялары | Мааткеримова Айнура Дуйшобаевна - №69 мектеп гимназиясынын башталгыч класстар боюнча директордун орун басары |
| 11:30-11:35 | Аралыктан билим берүүнү | Тойбек кызы Жазым- |

| | | |
|---|---|---|
| | уюштуруунун педагогикалык негиздери. (доклад) | №87 жалпы билим берүүчү мектебинин башталгыч класстарынын мугалими |
| 11:35-11:40 | Аралыктан (дистанттык) окутуу мезгилинде ата-энелерге методикалык, психологиялык жардам көрсөтүү боюнча атайын нускама | |
| 11:40-11:45 | 2020-2021-жаңы окуу жылында пандемия шартында жалпы билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштуруу боюнча нускама | |
| 11:45-11:50 | USAID долбоору «Окуу керемет» | |
| 11:50-12:00 | Резолюцияны кабыл алуу | |
| 12:00 | Конференциянын жабылышы | |